**А.Орозбеков атындагы орто мектебинин кыргыз тили жана музыка усулдук бирикмесинин чогулушунун**

ПРОТОКОЛУ

**22.08.2019-жыл** **А.Орозбеков ат. о/м**

А.Орозбеков атындагы орто мектебинин кыргыз тили жана музыка усулдук бирикмесинин чогулушу

Катышуучулар:

Кыргыз тили жана адабияты музыка мугалимдери:

М.Дадаева А.Атабекова Р.Боркошева

Каралуучу маселелер:

1.2019-2020-окуу жылындагы өтүлгөн иштерге анализ берүү .

2.Кыргыз тили усулдук бирикмесинин жетекчисин дайындоо.

Метод бирикмесинин жылдык планын талкуулоо жана бекитүү

3.Мамлекеттик стандартка ылайык түзүлгөн программалардын негизинде календардык пландарды түзүү

4.Предметтик мугалимдердин 2019-2020 -окуу жылында сабактардын жүктөмдөрүнүн бөлүнүшү.

Угулду : 1-маселе боюнча кыргыз тили мугалими Атабекова Б сөз сүйлөдү:

- Урматтуу кыргыз тили жана музыка усулдук бирикмесинин мугалимдери! Сиздерди жана окуу жылынын башталышы жана Эгемендүүлүк майрамыныздар менен куттуктаймын !

2018-2019 -жылында бир топ иштер болуп өттү .Сиздерге белгилүү Мамлекеттик тилдин үч айлыгы бекитилип.Ч.Айтматовдун 90 жылдыгына иш чаралар түзүлүп жогорку деңгээлде өткөрүдү .

Иш чараларга бардык усулдук бирикменин жетекчилери тартылып , окуучулар активдүү катышып райондук турдан биринчи орунга ээ болушту. Кыргыз тили сабагынан зоналык олимпиадада 11- классынын окуучусу М.Ахмедова райондук турга катышты.

Манас Таануу конкурсуна Боркошева Рано жетектеген окуучулар райондук турга активдүү катышты.

Жалпы Республикалык тестирлөөгө жыйынтыгында Атабекова Б .даярдоосу менен окуучулар негизги босого баллдан өтүшүп, мисалы Ахмедов Н негизги тесттен 201 баллга жетишишти.

2-маселе боюнча Атабекова Бактыгүлдүн сөзү :

- Урматтуу кыргыз тили адабияты жана музыка усулдук бирикмесинин мугалимдери бирикме жетекчисине кимди көрсөтөсүздөр?

*Кыргыз тили мугалими Боркошева Р. сөзү:*

*Биз биргеликте М.Дадаеваны иш тажрыйбасын карап жетекчиликке сунуштайбыз.*

*Бир добуштан макул болуп М.Дадаева шайлансын.*

Усулдук бирикменин жетекчиси М.Дадаеванын сөзү : Урматтуу мугалимдер рахмат мага ишенич көргөзгөнүңүздөргө . Усулдук бирикменин жылдык планын карап көрүңүздөр.

№9 А.Орозбеков орто мектебинин 2019-2020 окуу жылына карата кыргыз тили жана музыка усулдук бирикмесинин иш планы .

| № | Аткарылуучу иштин мазмуну | Өткөрүү убагы | Жооптуу адам |
|---|---|---|---|
| 1 | Усулдук бирикменин 2019-2020-окуу жылына карата тузулгөн иш планынын талкуу жана бекитүү | Сентябрь | Усулдук бирикме жетекчиси жана УБ мугалимдери |
| 2 | Предметтик кааналарды жасалгалоо | Дайыма | Каана башчылары |
| 3 | Предметтик кааналарды жасалгалоодо жаны компьютердик технологияларды орнотуу жана пайдалануу | Жыл ичинде | Каана башчылары |
| 4 | Окуу кааналады жаны окутулуучу усулдук адабияттар жана окууда колдонулуучу көрсөтмө куралдар менен толуктап туруу | Жыл ичинде | Каана башчылары |
| 6 | Мамлекеттик тилди терендетип окутуунун жаны технологиясы боюнча ачык сабактарды өтүү | Жыл ичинде | Предметтик мугалимдер |
| 7 | Предметтик дубал газеталарды чыгаруу | Ай сайын | Кыргыз тили мугалими Атабековю |
| 8 | Тил айлыгын салтанаттуу турдө өткөрүү | Жыл ичинде | Кыргыз тили мугалимдери |
| 9 | Кыргызстандын тарыхы белгилүү инсандардын юбилейин белгилөө | Жыл ичинде | Уб мугалимдери |
| 10 | Предметтер аралык тестирлөөнү жүргүзүү | Чейрек сайын | Предметтик мугалимдер |
| 11 | Предметтик ийримдерди уюуштуруу жана өткөрүү | Жыл ичинде | УБ мугалимдери |
| 12 | Олипидалык топторду түзүү жана өткөрүү | Жыл ичинде | УБ мугалимдери |
| 13 | Предметтер боюнча мектептик,зоналык,райондук олимпиадаларга даярдануу жана аны өз убагында өткөрүп ага катышуу | Жарымжылдыкта | Предметтик мугалимдер |
| 14 | Курска катышып келген мугалимдердин докладтык маалыматын жайылтуу | Жыл ичинде | УБ мугалимдер |
| 15 | Бүтүрүүчү класстарды ЖТР га даярдоо | Жыл ичинде | Атабекова.Б |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 16 | 9-11 класстарга “Эл байлыгы – эне тил”деген темада тегерек стол өткөрүү | Тил айлыгынын ичинде | УБ мугалимдери |
| 17<br>18 | Сабакты жакшы өздөштүрө албаган окуучулар менен иш алып баруу<br>Айлампа,жат жазуу баяндама ,дил баян дептерлерин текшерүү | Жыл ичинде | УБ мугалимдери |
| 19 | Усулдук бириеменин жыйындарын өткөрүү маниторинг жүргүзүү | Чейрек аягында | УБЖ |
| 20 | Бирдиктүү мамлекеттик экзаменге даярдыктарды көрүү | Жыл ичинде | УБЖ |
| 21 | Усулдук бирикменин жетекчисинин 2019-2020-окуу жылында аткарган иштеринин жыйынтыгы | Май | 9-11-класста Предметтик мугалим |
| | | | |
| | | | |

Ушул план боюнча бир топ иштерди аткарабыз.

3-маселе боюнча Усулдук бирикме жетекчиси М.Дадаеванын сөзү :

2019-2020-окуу жылы санариптештирүү жылы болгондуктан бардык иш пландарды, сабактарды инновациялык усулдарды колдонуп, жаны технологиянын жардамы менен баштайбыз. Мамлекеттик стандарттын негизинде усулдук бирикменин мугалимдери социалдык ишинде календардык пландарды райондук усулдук бирикмесинин жетекчисинин көрсөтмөсу менен айтылган маселени карап туруп түзүнүздөр. Календардык пландарды бекитүү мөөнөтү сентябрдын бешине чейин.

4-маселе боюнча усулдук бирикме жетекчиси М.Дадаеванын сөзү: Быйылкы жылда кыргыз тили жана адабияты сабактары боюнча жалпы 80 саат . Өткөн жылда окуткан класстардын негизинде карасак.

2019-2020-окуу жылындагы Усулдук кеңешмесинин негизинде төмөнкүдөй предметтик мугалимдерге сабактар бөлүндү:

Кыргыз тили жана адабияты мугалими Р.Боркошевага 5 б, 8 а,б 9 а,б класстар окутулууга берилип, 28 саат жуктөм .

Кыргыз тили жана адабияты мугалими М.Дадаевага 6 а,б,8 ,7 а,б класстар окутулууга берилип 30 саат жүктөм.

Музыка мугалими А.Атабековага 5 а,б 6-а,б,в 7-а,б класстарды окутуу менен 7 саат жүктөм жүктөлдү.

Жогорудагы маселелер каралып чыгып,төмөнкүдөй чечим кабыл алсак.

Чечим:

1.2018-2019-окуу жылындагы кыргыз тили жана музыка усулдук бирикмесинде аткарылган иштери “эң жакшы” деп табылсын .

2. Усулдук бирикмедеги ар бир мугалим стандарттык пландын негизинде календардык пландарды түзүп 05.09 га чейин бекитилсин .

3.Кыргыз тили жана адабият, музыка усулдук бирикме жетекчиси болуп М. Дадаева усулдук жетекчиси дайындалсын. Усулдук бирикменин жетекчиси жылдык пландарды түзүп убагында бекитсин

4. Усулдук кеңешмеде бөлүнгөн жүктөмдөрдүн негизинде предметтик мугалимдер жаны технологияларды колдонуп, чыгармачылык менен иштешсин.

**Усулдук бирикме жетекчиси:** **М.Дадаева**

**Катчы:** **Б. Атабекова**

**А.Орозбеков атындагы орто мектеби**

А.Орозбеков атындагы орто мектебинин усулдук бирикмесинин чогулушу.

Катышуучулар: 1 Атабеков Я 5 Токтобаева Б

2 Мурзалиева М 6 Абдумаликова Н Кыргыз тили жана адабияты музыка ,тарых,адам жана коом,АЧД усулдук бирикмесинин кезектеги чогулушунун

№6 ПРОТОКОЛУ.

01.17.2023-жыл

3 Боркошева Р 7 Исакова М

4 Атабекова Б 8 Султан кызы А

Каралуучу маселелер:

1.Окуу жылынын биринчи жарым жылда аткарылган иштердин жыйынтыгы боюнча отчеттук доклад

2.Конспект пландарынын жолго коюлушу структурасынын сакталышы боюнча иш жүгүзүү.

3.Ачык сабактардын өтүлүүсү.

4.Усулдук бирикменин жыйынын өткөрүү жана жыл мугалими сынагына бирикме ичинен мугалим тандап алуу маселесин кароо.

Угулду 1-маселе боюнча УБЖ Исакова М сөзү:Окуу жылынын биринчи жарым жылында усулдук

Бирикмесинин тузүлгөн иш планы б оюнча ачык сабактар ,сабактан тышкаркы иштер, семинардык

иш чаралар өз убагында өткөрулдү.

Ар бир ай боюнча протоколдор түзүлүп , берилди

Окуучулардын жазма иштери боюнча чейректик мониторингдер түзүлүп обб жана усулдук

Бирикме жетекчисине берилди.Айлампа дептерлер жана жазма иш дептерлери усулдук

Бирикме тарабынан ар ай сайын текшерилди.Ар ай сайын дубал газеталардын жанылануусу

көзөмөлгө алынды,аткарылды.

2-маселе:Конспект пландарынын экинчи жарым жылдык структурасынын сакталуусу текшерилди

Жана туура иш алып барылуусу эскертилди.

3-маселе январЬ айындагы өткөрулгөн ачык сабактар ,андагы анализдер карап чыгылды.

4-маселе Усулдук бирикменин жыйыны өткөрүлүп ,анда "жыл мугалими" кароо сынагына кыргыз

Кыргыз тили мугалими М.Исакова тандалып алынып ,"жыл мугалими"сынагына себептер менен катыша албай калды

**Чечим:**

1. Усулдук бирикменин биринчи жарым жылдыгына түзүлгөн отчету "жакшы"деп табылсын

2. ЯнварЬайында өткөн ачык сабактар жана класстан тышкаркы иштер "жакшы" деп бааланасын,ачык сабактарды өтпөгөн мугалимдерге эскертүү берилсин.

3 "Жыл мугалими "конкурсуна катыша албай калган мугалимге кийинки жылы жакшы даярдык менен катышып берүүсүн эскертти.

**Усулдук бирикме жетекчиси:** **М .Исакова**

**Катчы:** **А.Султан кызы**